"Ак чардак"

Сөзү:Алымбек Коробаевдики

Обону:Алымбек Коробаевдики

Таң алдында таттуу махабат,

Көл толкуну улам каратат.

Дал ошондо күүлөп канатын,

Кийген өндүү аппак халатын,

Ойкуйт да кайкыйт, ойкуйт да кайкыйт, ойкуйт да кайкыйт,

Ак чардак.

Дал ошондо күүлөп канатын,

Кийген өндүү аппак халатын,

Ойкуйт да кайкыйт, ойкуйт да кайкыйт, ойкуйт да кайкыйт,

Ак чардак.

Көл түбүнөн көлгө күн чыгат,

Келбечүдөй кайра жай сызат.

Бирок, менин махабатым,

Айланчыктап артта калат.

Көрүнө да калса, көрүнө да калса, көрүнө да калса,

Ак чардак.

Бирок, менин махабатым,

Айланчыктап артта калат.

Көрүнө да калса, көрүнө да калса, көрүнө да калса,

Ак чардак.

Көл түбүндө сүзөт ак чабак,

Көл үстүндө сүзөт ак чардак.

Арасынан таппай өзүңдү,

Унуттуңбу айткан сөзүңдү?

Кайдасың ай сүйгөн, кайдасың а сүйгөн, кайдасың а сүйгөн,

Ак чардак?

Арасынан таппай өзүңдү,

Унуттуңбу айткан сөзүңдү?

Кайдасың ай сүйгөн, кайдасың а сүйгөн, кайдасың а сүйгөн,

Ак чардак?